№54. Т. Сарыков орто мектеби.




Тема.

«Брейн –ринг». (Акыл ордо)

Мугалим: Мурзабабаева М

11-март

1.Сабактын темасы: Математикага саякат (акыл ордо интеллектуалдык таймаш сабагы)

2.Сабактын максаты:1.Окуучулар математика боюнча билимдерин, кругозор өстүрүшөт.

2.Топтордо иштөөдө бири-биринин пикирлерин сыйлашат, адептүүлүккө тарбияланышат.

3.Сабактын жабдылышы: математикалык газета,макалдар,балоо дарагы упайлар ж.б

4.Сабактын жүрүшү: а)Уюштуруу

1.Саламдашуу

2.Жагымдуу маанай

4 топко бөлүнүштү

1.Акылдуулар тобу

2.Фигуралар тобу

3.Билимдүүлөр тобу

4.Шамдагайлар тобу

Ар бир топтогу окуучулардын саны-6.

Топтордун газеталары,эмблемалары бар.

Топ башчы шайланган.

Акыл ордо интеллектуалдык таймаш сабагы 7 тур боюнча өтөт.

1.Математикалык суроолор

2.Геометриялык суроолор

3.Логикалык суроолор

4.Аралаш суроолор

5.Сыр сандык

6.Топ башчыларга суроо

7.Сандар катышкан макал-лакап айтуу

"Билими күчтүү миңди жыгат,

Билеги күчтүү бирди жыгат"

"Билимдүү адам эч качан кем болбойт"

"Билим-бул түбү жок чексиз аалам"

демекчи ар бир топтон бирден окуучу чыгып,доскадагы упайларды

алып,суроого жооп берет.

Ар бир топтун туура жобунун упайы баалоо даракка илинет.

1.Эң кичине жөнөкөй сан (2)

2.Белгисизи бар барабардык (теңдеме)

3.Буюмдарды саноодо колдонулуучу сандар (натуралдык сандар)

4.Алгебра 8-кл китебинин автору (Байзаков)

5.Кайсы геометриялык фигура күн менен дос (шоола)

6.Сандарды жазууда колдонулуучу атайын белгилер-(цифралар)

7.Макалга таянсак кой аксагы менен-(миң)

8.Бир дагы бурчу жок геометриялык фигура-(айлана)

9.Эмнени даярдоого болот,а жегенге болбойт (сабак)

10.Адамдын ымыркай мезгилинен баштап,картайганга чейин кайсы органынын формасы өзгөрбөйт (көз)

11.Көлү бар-суусу жок,шаары бар эли жок.Бул жерде эмне жөнүндө сөз болуп жатат? (карта)

12.Дүйнөдө үч нерсенин артында из калбайт

а)сууда сүзгөн балыктын

б)асманда учкан куштун

в)татыксыз жашаган адамдын

13.Кимдин алдына барганда президент да баш кийимин алып,баш иет? (чач тарачтын)

14.Бир жумуртка 10 минутада бышат,5 жумуртка канча минутада бышат? (10 минутада)

15.Байдын үйү менен кедейдин үйү өрттөнүп жатат,милиция келип кимдин үйүн 1чи өчүрөт? (милиция өрт өчүрбөйт)

16.Футболдун мекени-Англия

17.Баскетболдун мекени-Америка

18.Тажикстандын борбору Душанбе

19."Нан"-англисче аталышы

20.Бул бизге 3 жолу берилет.Эки жолу бекер,үчүнчүсүндө сатып алабыз (тиш)

21.Кыргызстанда 1 сомдон баштап 5000сомго чейин чыгарылган акчалардын суммасы канча? (8889)

# Сырдуу сандык

Сырдуу сандыктагы нерсе өтө көп каталарды кетирет,себеби анын ишенген жагы бар.Бул тууралуу япондор мындайча көп айтышат,

“ал кылган каталарын кайра түзөтүү үчүн,өзү менен бирге устасын да кошо алып жүрөт”

Сырдуу сандыкта эмне бар?

6.Сан катышкан макалдардан айтып упай чогултушат.

1.”Айдаганың 5 эчки

Ышкырыгың таш жарат.”

2.”Кызга 40 үйдөн тыюу”

3.”Жигитке 70 өнөр аздык кылат”

4.”7 өлчөп 1 кес”

5.”7 нин бири кызыр”

6.”Атаң 60ка чыкканча,алдап соолоп күчүн ал”

Сабакты бышыктоо:Макалдар

Жыйынтыктоо:Жеңүүчү топту аныктайбыз.

Текшерилди
11.03.2021
ОББ: [signature]